**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ Т-33 от «22» 07 2020 г.

Сизд.чыг. (На) №________ «____» ________ 20__

**Жалал-Абад облусу,**
**Сузак району,**
**Благовещенко айылы,**
**О. Шемаев көчөсү, 1**
**М.М. Турковго**
**тел.0557 090707**

**Урматтуу Мунарбек Максатбекович!**

Сиздин 2020-жылдын 16-июлундагы № Т-33 кайрылууңузду карап чыгып, төмөндөгүлөрдү билдиребиз.

2020-жылдын 8-июлунда Борбордук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого катышуу ниетин билдиришкен саясий партияларга карата кайрылуу кабыл агандыгын белгилейбиз, кайрылууда шайлоого катышуу ниетин билдиришкен саясий партияларга конституциялык Мыйзамда белгиленген нормаларды бузган аракеттерди болтурбоо, мыйзамдарда белгиленген жоопкерчиликке кабылбоо боюнча сунуштар айтылган.

Ошону менен бирге, Борбордук шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасында түзүлгөн эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу жардам көрсөтүүнү көздөгөн саясий партияларга мындай жардамдарды республикалык штаб жана/же жергиликтүү мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында түзүлгөн штабдар аркылуу көрсөтүүсүнө алардын көңүлүн бурат.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү алкагында Бобордук шайлоо комиссиясы, ошондой эле аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка катышуучуларын маалымдоо маселеси жана үгүт эрежеси боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, медиа-уюмдардын өкүлдөрү, ишке тартылган адистер кирген Жумушчу топ түзүлгөнүн билдиребиз, ал жерде

жарандардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин бардык кайрылуулары, даттануулары жана арыздары каралууда.

Жумушчу топ шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн белгиленген тартибин сактоо жана жол берилген бузууларга, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан шайлоочуларды сатып алууга бөгөт коюу жана четтетүү боюнча чараларды өз учурунда кабыл алууга көзөмөл жүргүзүп, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн тартибин жөнгө салган колдонуудагы мыйзамдарды бузуулар жөнүндө материалдарды топтоп жана системага салууну ишке ашырып жатканын маалымдайбыз.

**Урматтоо менен,**

**Төраганын орун басары** **А.Г. Бекматов**